*"Грин Телеком Сервис" ЖЧК*
*Башкармасынын Төрайымынын Буйругу менен*
*бекитилди жана колдонууга киргизилди*

**ЖАЛПЫГА АЧЫК ОФЕРТА**
**(«Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесинин колдонуучуларынын «Грин Телеком Сервис» ЖЧКсынын бонустук программасына катышуусу жөнүндө сунуш)**

**1. Терминдер жана аныктамалар.**

1.1. **Бонустук Программа, Программа** – Төлөмдөрдү жүргүзүүнү жана «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесин колдонууну өбөлгөлөө максатында «О!Деньги» төлөм тутумунун Катышуучулары менен Сатуучулары үчүн иштелип чыккан лоялдуулук программасы;

1.2. **Бонустук эсеп** – кошулуп берилген/алынган Бонустардын саны жана Бонустардын учурдагы балансы жөнүндө эсептик жана маалыматтык берилмелердин жыйындысы;

1.3. **Бонустар же кешбэк** – Өнөктөштүк тармагына кирген Сатуучунун пайдасына Программанын алкагында жүргүзүлгөн Төлөмдөрү үчүн Программанын Катышуучуларына сыйланган, ошондой эле Колдонуучулардын лоялдуулугун жогорулатуу максатында Оператор тарабынан кошулуп берилген же КРУБ тарабынан берилген лицензияларда каралган кызматтардын Сатуучусу катары Оператордун кызматтарын колдонууга түрткү берүүгө багытталган виртуалдык бирдиктер (Сатуучу тарабынан берилген кийинкиге калтырылган арзандатуунун түрү). Бонустар Сатуучу тарабынан берилген кийинкиге калтырылган арзандатуунун бир түрү болуу менен катар акча эквиваленти болуп саналбайт жана, бул келишимдин алкагында төлөмдүн компенсациясын өлчөмүн эсептөө, ошондой эле Төлөм жокко чыгарылганда же товар кайтарылганда акча каражаттарын кайтаруу учурунан тышкары, акча эквивалентинде: накталай, накталай эмес (анын ичинде электрондук акча) түрүндө колдонулушу мүмкүн эмес. Ар бир сервис боюнча эсептелген бонустардын саны Сатуучу жана/же Оператор (Оператор Сатуучу катары иш-аракет аткарган учурда) тарабынан белгиленет. Бонустарды бул Келишимде каралбаган учурларда колдонууга болбойт;

1.4. **Келишим** – бул Жалпыга ачык офертанын тексти;

1.5. **Компенсация** – төлөмдө колдонулган жана Катышуучу менен Оператор тарабынан белгиленген төлөмдүн бөлүгүн жабуучу/алмаштыруучу бонустардын суммасы;

1.6. **Оператор** – Бонустук программанын процессингин ишке ашырган, Катышуучулардын Өнөктөштүк тармак менен Бонустарды кошуп берүү жана колдонуу жаатында өз ара аракеттешүүсү үчүн жооп берген «Грин Телеком Сервис» жоопкерчилиги чектелген коому;

1.7. **Өнөктөштүк тармак** – пайдасына аткарылган төлөмдөр боюнча Катышуучуга Бонустарды кошуп берүү жана алуу ишке ашырылган Төлөм тутумунун Сатуучулары тарабынан көрсөтүлгөн сервистердин тизмеси. Сервистердин тизмеси толук тизме болуп саналбайт жана Оператор тарабынан өзгөртүлүп/толукталып турат;

1.8. **Төлөм** – Колдонуучу тарабынан «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесин колдонуу аркылуу кызматтар, иштер, товарлар үчүн төлөө боюнча милдеттерин ишке ашыруу максатында Сатуучунун пайдасына аткарылган акча каражаттарын өткөрүү процесси;

1.9. **Төлөм тутуму** – Оператору болуп, "Грин Телеком Сервис" жоопкерчилиги чектелген коому эсептелген жана технологиялардын, процедуралардын, эрежелердин, төлөм инструменттеринин өз ара байланыштуу тутумун, анын ичинде программалык камсыздоону, Тутумдун катышуучуларынын ортосунда акча жүгүртүмүн камсыз кылуучу терминалдык тармакты билдирген "О!Деньги" төлөм тутуму;

1.10. **Колдонуучу** – Тутумдун Оператору менен Келишимге кошулуу жолу менен Келишим түзгөн, ошондой эле идентификация процедурасынан өткөн жана жеткиликтүү лимиттердин, инструменттердин жана сервистердин алкагында финансылык

транзакцияларды (төлөмдөрдү) ишке ашыруу максатында “О!Деньги” мобилдик тиркемеси аркылуу Тутумду колдонуу укугуна ээ болгон жеке жак;
1.11. **Сатуучу** – Колдонуучу пайдасына Төлөмдөрдү ишке ашырган юридикалык жактар жана жеке ишкерлер;
1.12. **Бонустарды кошуп берүү процедурасы** – натыйжасында Катышуучунун Бонустук эсебиндеги Бонустардын санынын Келишимде белгиленген шарттарга ылайык көбөйүүсү ишке ашкан процедура;
1.13. **Бонустарды алуу процедурасы** – натыйжасында Катышуучунун Бонустук эсебиндеги Бонустардын санынын Келишимде белгиленген себептерден улам азаюусу ишке ашкан процедура;
1.14. **Кызматтар** – төлөм тутуму аркылуу Сатуучулардын пайдасына өз ишмердүүлүгүнүн натыйжасы болбогон товарлар жана кызматтар үчүн Төлөмдөр менен эсептешүүлөрдү кабыл алуу жана өткөрүү боюнча кызматтар;
1.15. **Программанын катышуучусу, Катышуучу** – бул Келишимге ылайык Программага катышуу ниетин билдирген физикалык жак, «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесин колдонуучусу. Программанын Катышуучусу болуу менен, Колдонуучу бул Келишимдин шарттары, Программанын эрежелери менен толук макулдугун, ошондой эле жалаң гана «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесиндеги Колдонуучунун Жеке кабинетиндеги Бонустардын калдыгын чагылдыруу максатында өзүнүн Бонустук эсебинин абалы тууралуу маалыматын үчүнчү жактарга ачууга макулдугун, ошондой эле жарнамалык, маркетингдик жана башка маалыматтык материалдарды алууга макулдугун билдирет.

**2. Жалпы жоболор**

2.1. Бул Жалпыга ачык оферта Кыргыз Республикасынын Жарандык Кодексинин 398-беренесинин 2-пунктуна ылайык "Грин Телеком Сервис" жоопкерчилиги чектелген коомунун мындан ары «Катышуучу» деп атала турган физикалык жак менен «О!Деньги» тиркемесинин колдонуучуларынын бул Офертада белгиленген шарттарда Сатуучулардын пайдасына товарлар жана кызматтар үчүн Төлөмдөрдү ишке ашыруудан алынган Бонустарды топтоо жана колдонуу максатында Оператордун бонустук программасына (мындан ары — "Программа") катышуулары жөнүндө Келишим түзүү боюнча жалпыга ачык расмий сунушу болуп эсептелет.
2.2. Бул Оферта «О!Деньги» тутумун колдонуу жөнүндөгү Жалпыга ачык офертанын ажырагыс бөлүгү болуп саналып, Программанын Катышуучусунун «О!Деньги» тиркемесинен өнөктөштүк тармагына кирген Сатуучулардын пайдасына Төлөмдөрдү жүргүзгөн учурда Бонустук эсебине Бонустарды берүү, алуу жана топтоо тартиби менен шарттарын, «Мой О!+Банк» тиркемесинин колдонуучуларынын Оператордун Бонустук программасына катышуусунун эрежелерин, ошондой эле Кыргыз Республикасынын жалпы аймагында берилген Бонустарды колдонуунун шарттарын белгилейт.
2.3. Бул Офертанын жана анын бардык тиркемелеринин төмөндө жазылган шарттары менен макул болгон Колдонуучу Оператордун Бонустук программасына катышуу жөнүндө келишимди түзүү мүмкүнчүлүгүнө ээ. КР ЖК 399-б. 3-п. ылайык, көрсөтүлгөн жактын бул Офертада жазылган шарттардын негизинде келишим түзүү убактысы болуп, Колдонуучунун «Мой О!+Банк» тиркемеси аркылуу Өнөктөштүк тармагында төлөмдү аткаруусу саналат жана бул аракет акцепт катары кабыл алынат. Жогоруда жазылгандардын маанисин эске алуу менен, бул Офертанын шарттарында келишим түзүүгө кызыкдар болгон колдонуучуга Офертанын текстин кылдаттык менен окуп чыгуусу, жана кандайдыр бир пункту менен макул болбогон учурда, Бонустук программадан жана аны колдонуудан баш тартуусу сунушталат.
2.4. Колдонуучу кошумча маалыматты *799 (О!нун абоненттери үчүн гана), +9967020007799 телефондору аркылуу же болбосо dengi@dengi.kg электрондук почтасына

алдын ала сурам калтыруу менен почта аркылуу алса болот.

**3. Программага катышуу**

3.1. Колдонуучу Бонустар кошулуп берилгенден кийин же Өнөктөштүк тармагында Төлөмдү ишке ашыргандан кийин автоматтык түрдө Программага кошулуп, анын Катышуучусу болот (кайсынысы эртерээк болгонуна жараша), жана Бонустук эсепте Бонустарды топтой алат, ошондой эле Өнөктөштүк тармагынын кызматтары үчүн жүргүзүлгөн Төлөмдүн суммасын толугу менен же анын бир бөлүгүн компенсациялоо максатында Бонустарды пайдалана алат.

3.2. Программага ишкердик ишин жүргүзүү менен байланыштуу болбогон төлөмдөрдү жүргүзгөн гана Катышуучулар катыша алат.

3.3. Программага кошулууга багытталган аракеттерди жасоо менен Колдонуучу бул Офертанын шарттары менен таанышып чыкканын, Программага катышуунун шарттарын кабыл алганын, алар менен макул болгонун жана ал шарттарды сактоого милдеттенгенин тастыктайт.

3.4. Программанын алкагында Катышуучулар Бонустук эсепке Бонустарды Өнөктөштүк тармагында кийин ишке ашыра турган Төлөмдөрдү компенсациялоо үчүн пайдалануу максатында топтойт.

3.5. Оператор себептерин түшүндүрбөй туруп бул Офертанын шарттарында Колдонуучу менен Келишим түзүүдөн бир жактуу тартипте баш тартуу укугун сактап калат.

**4. Бонустарды кошуп берүү тартиби**

4.1. Оператор Катышуучун Бонустук эсебине Өнөктөштүк тармагынын дарегине төлөмдөрдү аткаруусу үчүн Бонустарды кошуп берет. Мында Оператор Бонустар кошуп бериле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн категорияларынын тизмесин ай сайын аныктоого укуктуу. Ар бир календардык айдын ичинде Катышуучу ага Бонустар кошуп бериле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн эки категориясын тандап алууга укуктуу. Категорияларды учурдагы айдын ичинде гана тандоого болот жана жаңы календардык ай башталганда автоматтык түрдө нөлгө түшүрүлөт. Ушуга байланыштуу, ар бир айдын башында Катышуучу тиешелүү айда Бонустар кошуп бериле турган кызмат көрсөтүүлөрдүн эки категориясын кайра тандап алышы керек.

Эгерде Катышуучу кызмат көрсөтүүлөрдүн категориясын тандабаса, Бонустар Өнөктөш тармагында көрсөтүлүүчү кызматтар боюнча гана кошулуп берилет.

4.2. Аткарылган төлөм үчүн кошулуп берилген Бонустардын саны жөнүндө маалыматты «Мой О!+Банк» тиркемесинен тапса болот.

4.3. Бонустар Оператор тарабынан Бонустук эсепке активдүү түрдө кошулуп берилет жана дароо эле же Сатуучу тарабынан белгиленген мөөнөт ичинде Өнөктөштүк тармагында төлөмдөрдү аткаруу үчүн колдонула алат.

4.4. Төлөм компенсациясын эсептеп чыгуу максатында гана 1 бонустун базалык наркы 1 сомго барабар. Ошол эле учурда, Оператордун Өнөктөштүк тармагынын Сатуучулары менен бирге өткөргөн айрым акцияларында Бонустардын улуттук валютада көрсөтүлгөн эквиваленти өзгөрүшү мүмкүн, бул жөнүндө Катышуучуга Оператор тарабынан алдын ала маалымат берилет.

4.5. Бонустарды Бонустук эсепке кошуп берүү мөөнөтү дарегине төлөм аткарылган Өнөктөштүк тармагынан көз каранды.

4.6. Бул Офертанын 4.1.-пунктунда белгиленген негиздерге кошумча, Бонустук программанын алкагында шарттарына ылайык Катышуучулардын кошумча аракеттерди аткаруулары үчүн аларга Бонустарды кошуп берүү мүмкүндүгү каралган атайы акциялар өткөрүлүшү мүмкүн.

4.7. Төлөөчү кошулуп берилген Бонустарды, мөөнөтү башка атайы акциялардын алкагында

кошулуп берилген Бонустардан тышкары, кошулуп берилген күндөн тартып, 12 (он эки) айдын ичинде пайдалана алат. Жарамдуулук мөөнөтүнүн ичинде сатып алууларды төлөө үчүн колдонулбаган Бонустар Бонустук эсептен жоюлат.
4.8. Эгерде техникалык себептерден улам Катышуучунун Бонустук эсебине Бонустарды кошуп берүү мүмкүн болбосо, Оператор бузулууну жойгонго чейин Катышуучунун Бонустук эсебине Бонустарды кошуп берүү операциясын өткөрүүдөн баш тартууга укуктуу.
4.9. Эгерде техникалык себептерден улам Төлөм өткөрүү убагында Бонустук эсепке Бонустарды кошуп берүү мүмкүн болбосо, Катышуучу Төлөм аткарылган күндөн баштап 2 (эки) айдын ашпаган мөөнөттө Оператордун колдоо кызматына кайрылуу аркылуу кошулган Бонустарын алганга укуктуу.

**5. Бонустарды эсептен алуу тартиби**

5.1. Өнөктөштүк тармагында Төлөмдөрдү Бонустар менен аткарууда, Катышуучу "төлөө ыкмасы" бөлүмүнөн Бонустар менен төлөөнү тандайт.
5.2. Төлөм үчүн керек болгон Бонустардын саны Катышуучунун Бонустук эсебинен алынат.
5.3. Бонустарды эсептен алуу алар Бонустук эсепке киргенден кийин дароо эле мүмкүн болот.
5.4. Бонустарды Катышуучу Төлөмдүн толук суммасын да, анын бир бөлүгүн дагы компенсациялоо үчүн колдоно алат.
5.5. Бул Офертанын шарттарында Келишим түзүү менен Катышуучу Оператордун төмөнкү учурларда Катышуучунун кошумча табыштамасы (макулдугу) жок эле, бир жактуу тартипте Катышуучунун эсебинен Бонустарды алуусуна укук берет:
- Бонустар жаңылыш берилгенде;
- Бонустар берилген товарлар кайтарылганда. Эгерде товарды кайтарган учурда Катышуучунун Бонустук эсебинде алына турган Бонустар жетишсиз болсо, Оператор кайтарылган товар үчүн берилген бонустардын суммасына барабар суммада акча каражаттарын алууга укуктуу боло алат;
- Бонустар берилген мезгилден тартып, 12 ай өткөн соң;
- колдонуу мөөнөтү чектелген атайы акциялардын алкагында кошулуп берилген Бонустардын жарамдуулук мөөнөтү өткөндө;
- Катышуучу Программага катышууну токтотқондо;
- Программаны ак ниет эмес колдонгон учурда Бонустар кошулуп берилгенде;
- Катышуучунун электрондук капчыгынын жабылышы, анын ичинде Оператордун же Катышуучунун демилгеси боюнча, электрондук капчык жабылган күнгө карата Бонустук эсепте эсепке алынуучу бардык пайдаланылбаган Бонустар бөлүгүндө.
5.6. Бонустар накталай же накталай эмес мааниге ээ болбойт жана акча эквивалентинде берилбейт, ошондой эле Өнөктөштүк тармагындагы төлөмдөр үчүн гана колдонулат.
5.7. Эгерде техникалык себептерден улам Катышуучунун Бонустук эсебинен Бонустарды алуу мүмкүн болбосо, Оператор бузулуу жоюлганга чейин Катышуучуга операцияны жүргүзүүдөн баш тартууга укуктуу.
5.8. Төлөмдүн бир бөлүгү Бонус менен, бир бөлүгү акча менен аткарылган учурда, мындай төлөм үчүн Бонустук эсепке кошулган Бонустардын саны колдонулган Бонустардын суммасын (санын) чегерүү менен эсептелет.

**6. Программага Катышуудагы чектөөлөр (өзгөчөлүктөр):**

6.1. Бул бөлүмдө тизмектелген Программага катышуудагы чектөөлөр (өзгөчөлүктөр) кызматтарды талаптагыдай эмес көрсөтүүнүн жагдайлары болуп эсептелбейт жана зыяндардын ордун толтуруу жөнүндө талап коюуга себеп боло албайт.
6.2. Пайдасына төлөмдөр кабыл алынган Өнөктөштүк тармагынын сервистеринин тизмеси

жана Төлөмдөрдүн лимиттери Катышуучунун Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык идентификациялоо процедурасынан өтүү ыкмасынан көз каранды болушу мүмкүн.
6.3. Оператор Катышуучунун Оператордун оюу боюнча шектүү деп эсептелген аракеттеринин негизинде, анын ичинде Кыргыз Республикасынын террористтик ишмердүүлүктү каржылоого жана кылмыштуу кирешелерди мыйзамдаштырууга (адалдоого) каршы күрөшүү жаатындагы мыйзамдарына ылайык, Келишимдин шарттарын бузуу боюнча убактылуу же туруктуу шектенүүлөрдөн улам, Программаны колдонуусун чектөөгө укуктуу.
6.4. Катышуучуга Төлөм тутумунун чектөөлөрүнүн баары же кээ бир бөлүгү колдонулушу мүмкүн.
6.5. Оператор тарабынан Бонустарды кошуп эсептөө боюнча төмөнкүдөй чектөөлөр колдонулат:
6.5.1 Эгерде Оператор тарабынан чек белгиленген болсо, Бонустар Төлөмдүн өлчөмү минималдуу чекке барабар же андан ашкан шартта кошуп берилет. Өлчөмү минималдуу чектен ашпаган Төлөмдөргө Бонустар кошуп берилбейт.
6.5.2. QR-Төлөмдөрдү жүргүзүүдө Катышуучу тарабынан Оператордун Бонустарын алуу боюнча лимиттер, анын ичинде календардык ай ичинде кошуп берилүүчү Бонустардын жалпы көлөмүнө карата лимиттер, ошондой эле Бонустардын максималдуу санына карата лимиттер Оператор тарабынан белгиленет.
6.5.3. Катышуучу белгиленген лимиттердин кайсынысына болбосун жеткен учурда, Бонустарды кошуп берүү убактылуу токтотулат. Эгерде Оператор тарабынан башкача белгиленбесе, көрсөтүлгөн лимиттер тиешелүү календардык айдын ичинде колдонулат. Календардык ай аяктагандан кийин, лимит автоматтык түрдө нөлгө түшүрүлөт жана кайра эсептөө кийинки календардык айдын башынан башталат.
6.5.4. Оператор тарабынан календардык сутка ичинде төлөмдөрдү кабыл алуучу бир уникалдуу пункттун (бир sid/QR-код) алкагында Бонустар кошуп бериле турган Төлөмдөрдүн санына лимит белгилениши мүмкүн.
Белгиленген лимиттен ашкан учурда көрсөтүлгөн сутканын алкагында кийинки Төлөмдөргө Бонустар кошуп берилбейт. Суткалык лимит тиешелүү календардык сутканын ичинде колдонулат жана ал убакыт өткөндөн кийин автоматтык түрдө нөлгө түшүрүлөт, андан кийин эсептөө кайрадан башталат.
6.5.5. Катышуучу ушул 6.5-пунктта белгиленген лимиттердин кайсынысына болбосун жеткенде, Бонустарды кошуп эсептөө алар нөлгө түшүрүлгөн же Оператор тарабынан өзгөртүлгөн учурга чейин токтотулат.
6.5.6. Ушул 6.5-пунктта көрсөтүлгөн бардык шарттар жана лимиттер «О!Деньги» төлөм системасын QR эки өлчөмдүү штрихкоду аркылуу колдонуунун алкагында колдонулат.
6.5.7. Ушул 6.5-пунктта каралган бардык чектөөлөр жана лимиттер бир жеке адамга, анын канча аккаунту, телефон номери, түзмөгү же башка идентификация ыкмалары болгонуна карабастан, жалпысынан колдонулат. Эгерде бир жеке адам бир нече аккаунтту колдонуу менен Бонустарды алса, анда көрсөтүлгөн лимиттер ал адам үчүн жалпы деп эсептелет.

## 7. Тараптардын укуктары жана милдеттери

7.1. Катышуучу анын Оператор менен келишимдик мамилелерди түзүүгө мыйзамдуу укугу бар экендигин жана эч кандай чектөөлөр жок экендигин тастыктайт.
7.2. Катышуучу Программадагы идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык вторизациялык маалыматтарына башка жактардын уруксатсыз мүмкүндүк алуусунан коргоо максатында конфиденциалдуулукту сактоо, маалыматтарды коргоо жана уруксатсыз колдонуунун алдын алуу боюнча керектүү бардык чараларды көрөт.
7.3. Оператор бул Офертага өзгөрүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүүгө укуктуу. Оферта өзгөргөн учурда, Оператор Катышуучуларга бул тууралуу Офертанын жаңы редакциясы

күчүнө киргенге чейин жок дегенде 3 (үч) календардык күн мурун өзүнүн сайтына (https:dengi.kg) Офертанын жаңы редакциясынын электрондук версиясын жайгаштыруу аркылуу билдирет.
7.4. Катышуучу бул Офертага киргизилген өзгөртүүлөр менен толуктоолорду өз алдынча көзөмөлдөп турууга милдеттенет.
7.5. Катышуучуга Программанын жардамы менен ишкердик ишин жүргүзүүгө тыюу салынат.
7.6. Катышуучу Программаны мыйзамга каршы максаттарда, мыйзамсыз финансылык операциялар үчүн, Кыргыз Республикасынын мыйзамдары тарабынан тыюу салынган товарларды сатып алуу жана кызматтарды төлөө үчүн, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарын бузуу менен аткарыла турган ар кандай операцияларды жүргүзүү максатында, анын ичинде үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын кызыкчылыгында колдонбоого милдеттенет.
7.7. Оператор Программаны ишке ашырууну өз чечимине жараша каалаган убакта бир жактуу тартипте убактылуу токтотууга же таптакыр токтотуп коюуга укуктуу. Программаны ишке ашырууну убактылуу токтотуу же таптакыр токтотуп коюу жөнүндө маалымат Катышуучуларга Программаны болжолдонгон убактылуу токтотуу же таптакыр токтотуп коюу күнүнө чейин жок дегенде 5 (беш) календардык күн мурун, Оператордун сайтында тийиштүү билдирүүнү жайгаштыруу жолу менен жеткирилет.
7.8. Оператор Программанын иштөөсүндөгү техникалык чектөөлөрдөн улам төлөм суммасынын компенсациялоо өлчөмүнө чек коюуга укуктуу. Ошондой эле, төлөмдүн суммасын компенсациялоо өлчөмүн чектөө Өнөктөштүк тармагынын Сатуучунун кызмат көрсөтүү шарттарына жараша өзгөрүшү мүмкүн.
7.9. Оператор Программанын эрежелерин бузган Катышуучунун Бонустук эсебин азайтууга укуктуу.
7.10.Катышуучунун бул Макулдашуунун 7.5. жана 7.6. пункттарында каралган милдеттерин бузгандыгы аныкталган учурда Оператор Катышуучунун «Мой О!+Банк»Тиркемеден «О!Деньги» тутумуна кирүүсүн бөгөттөөгө укуктуу.
7.11. Бул офертанын 7.7.-пунктунда белгиленген эскертүү мөөнөтүнүн ичинде Оператор бонустарды бербейт. Мында Катышуучу көрсөтүлгөн мөөнөт ичинде кошулган бонустарды Төлөмдөрдү аткаруу үчүн колдонууга укуктуу.
7.12. Программаны ишке ашыруу убактылуу токтотулган мөөнөттүн ичинде (Программа убактылуу токтотулган учурда), ошондой эле Программаны ишке ашыруусу токтотулган (токтотула турган болсо) күндөн баштап, Оператор Бонустарды берүүнү жана алууну токтотот, бул офертада белгиленген милдеттерин ишке ашырууну убактылуу/таптакыр токтотот.
7.13. Программа токтотулган жана Катышуучулар бул Офертанын 7.7-пунктунда белгиленген мөөнөттүн ичинде бонустарды колдонбогон учурда, Катышуучулардын Бонустук эсептеринде калган Бонустар толугу менен жокко чыгарылат.
7.14. Программа токтотулган күндөн тартып, Оператор бардык Бонустук эсептерди жабат жана Катышуучулар топтогон бардык Бонустарды жокко чыгарат, мында Оператор Катышуучулардын пайдасына эч кандай төлөмдөрдү аткарбайт жана/же компенсацияларды төлөбөйт.
7.15. Оператор Программаны өзүнөн байланыштуу болбогон (форс-мажор) жагдайлардан улам токтотууга аргасыз болгон учурда, Катышуучулар токтотуу жөнүндө акылга сыярлык убакытта эскертилет, жана бул Офертанын 7.7-пунктунда белгиленген эскертүү мөөнөттөрү колдонулбайт.
7.16. Колдонуучунун «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесине мүмкүндүк алуу деактивацияланган учурда, Оператор Катышуучулардын топтогон бардык Бонустарын жокко чыгарат, муну менен катар Оператор Катышуучулардын пайдасына эч кандай

төлөмдөрдү аткарбайт жана/же компенсацияларды төлөбөйт.
7.17. Оператор Программанын каалаган программалык камсыздоосунун модификациясын ишке ашырууга укуктуу.
7.18. Оператор олуттуу бузулуулар, каталар же мүчүлүштүктөр аныкталып чыкканда, ошондой эле профилактикалык иштерди жүргүзүү жана Программага уруксатсыз кирүү учурларынын алдын алуу максатында, Программанын иштөөсүн камсыз кылган программалык жана/же аппараттык каражаттардын иштөөсүн токтотууга укуктуу.
7.19. Оператор же тийиштүү мамлекеттик органдар тарабынан Катышуучунун шектүү төлөмдөрдү аткаргандыгы аныкталса, Оператор бир жактуу акцептсиз сотсуз түрдө керектүү чараларды көрүүгө, анын ичинде каалаган шектүү Төлөмдөрдү жокко чыгарууга, кээ бир төлөмдөрдү өткөрүүгө тыюу салууга укуктуу.
7.20. Эгерде Катышуучунун Программаны колдонуусу, Оператордун оюу боюнча башка жактардын финансылык коопсуздугуна коркунуч жаратышы мүмкүн болсо же жаратып жаткан болсо, мүмкүндүк алууну чектөөгө карата техникалык муктаждык пайда болсо жана/же Төлөм тутумунда штаттык эмес абал жаралса, ликвиддүүлүк тобокелдиктери, кредиттик/тутумдук/укуктук/юридикалык тобокелдиктер/алдамчылык тобокелдиктери жана Төлөм тутумунун киберкоопсуздугуна коркунучтар жаралса, Оператор Катышуучулардын Программаны колдонууга мүмкүндүк алуусун алдын ала билдирбестен, бир жактуу тартипте чектеп коюуга укуктуу.
7.21. Катышуучунун аракеттеринде укуктарды кыянаттык менен пайдалануу элементтери, ак ниет эмес иш-аракеттерди аткаруунун жана/же бул Офертаны бузуунун белгилери аныкталып чыккан учурда, Оператор Бонустук эсепти бир жактуу тартипте бөгөттөп коюуга укуктуу.
7.22. Катышуучунун өзүнүн Программага катышуусунун негизинде Оператордон талап кылуу укуктарын башка жактарга өткөрүүгө укугу жок.
7.23. Катышуучуга Программаны, Программага кирүү логиндерин жана паролдорун үчүнчү жактарга сатууга/берүүгө тыюу салынат.

**8. Тараптардын жоопкерчилиги**

8.1. Бул келишим боюнча милдеттерин аткарбоо же талаптагыдай эмес аткаруу үчүн Тараптар бул Офертанын шарттарына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жооп беришет.
8.2. Оператор Катышуучунун алдында тийиштүү Катышуучунун Бонустук эсебине Бонустардын туура берилиши үчүн жооп берет.
Катышуучу анын Программадагы идентификациялык/аутентификациялык/авторизациялык маалыматтары аркылуу анын атынан жасалган башка жактардын бардык аракеттери үчүн тобокелдиктерди жана жоопкерчиликти өз алдынча тартат.
8.3. Оператор Катышуучунун алдында Оператор себепкер болбогон техникалык платформалардын жана транспорттук түйүндөрдүн же байланыш түйүндөрүнүн иштөөсүндөгү кечигүүлөр жана үзгүлтүктөр үчүн жооп бербейт.
8.4. Тутумдун Оператору Катышуучу башка жактарга мүмкүндүк бергендиги жана/же өзүнүн жеке маалыматтарын ачыкка чыгаргандыгы үчүн тарткан ар түрдүү зыяндар үчүн жооп бербейт.
8.5. Оператор Катышуучу Сатуучулар тарабынан сатылган/көрсөтүлгөн товарлардын, иштердин, кызматтардын сапаты үчүн жооп бербейт. Оператор Катышуучу менен Сатуучунун ортосундагы бүтүмдөрдүн укуктуулугун, алардын шарттарын, демек бүтүм түзүү фактысын жана анын кесепеттерин, мындай бүтүмдөрдүн аткарылышын жана бузулушун, анын ичинде алар боюнча төлөмдү кайтарууну жана Катышуучу жана/же Сатуучу тарабынан колдонулган салыктар менен жыйымдардын төлөнүшүн жөнгө салбайт жана көзөмөлдөбөйт. Мындан тышкары, Оператор Катышуучулардын Сатуучунун

бүтүмдөр боюнча милдеттеринин, анын ичинде Катышуучу тарабынан сатып алынган товарларды ага берүү боюнча милдеттерин аткарбоосуна (талаптагыдай аткарбоосуна) байланыштуу доомattарын карап чыкпайт.
8.6. Оператор Катышуучунун Оператордун милдетине кирбеген окуялар жана жагдайлардан улам пайда болгон терс кесепеттер жана чыгымдар үчүн жоопкерчилик тартпайт.
8.7. Оператор Катышуучулар менен Сатуучулардын ортосунда талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер Оператордун Программаны ишке ашыруунун алкагында өз милдеттерин бузуусуна байланыштуу келип чыкпаган учурда, мындай талаш-тартыштар жана пикир келишпестиктер үчүн жооп бербейт.
8.8. Оператор Катышуучунун бул Офертанын шарттары жана/же Оператор тарабынан бул Офертанын 7.3-пунктунда белгиленген тартипте Келишимге киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен өз убагында таанышып чыкпагандыгынын кесепетинде Катышуучунун же башка жактардын тарткан зыяндары үчүн жооп бербейт.
8.9. Катышуучу Программаны, Программага кирүү логиндерин жана паролдорун үчүнчү жактарга берүү же сатуу үчүн, анын ичинде мыйзамсыз аракеттерди жүзөгө ашыруу максатында үчүнчү жактардын көрсөтмөсү боюнча жана алардын кызыкчылыгында Программаны колдонуу менен финансылык операцияларды жүргүзүү үчүн Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартат.

**9. Келишимди түзүүнүн тартиби жана жарамдуулук мөөнөтү**

9.1. Бул Келишим Оператор менен Катышуучунун ортосунда кошулуу келишими түрүндө түзүлдү (Кыргыз Республикасынын Жарандык кодексинин 387-беренеси).
9.2. Келишимдин шарттарын аткаруунун алкагында Тараптардын өз ара мамилелери Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдары, Оператордун ички документтери, Келишим жана ага киргизилген өзгөртүүлөр жана толуктоолор менен жөнгө салынат.
9.3. Катышуучу Келишимге анын шарттары менен «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемесинин интерфейсинде таанышып чыккандан жана «Мой О!+Банк» мобилдик тиркемеси аркылуу Өнөктөштүк тармагынан төлөм аткаргандан кийин кошулат.
9.4. Келишимдин шарттарынын акцепти Катышуучу тарабынан Келишимдин бардык шарттарын эч кандай алып салуусуз жана/же чектөөсүз толугу менен кабыл алуу болуп эсептелет.
9.5. Келишимдин жарамдуулук мөөнөтү чексиз. Келишим белгисиз убакытка чейин, же болбосо Келишимдин шарттарында жана/же Кыргыз Республикасынын аракеттеги мыйзамдарынын ченемдеринде белгиленген себептерден улам бузулган мезгилге чейин уланат.

**10. Конфиденциалдуулук**

10.1. Оператор Катышуучунун Программага катышуусуна байланыштуу өзүнө белгилүү болгон маалыматтарынын конфиденциалдуулугун сактоого милдеттүү. Ал эми мындай конфиденциалдуулук маалыматтар төмөнкү мүнөзгө ээ болгон учурларда сакталбайт:
- Жалпыга жеткиликтүү;
- Катышуучунун талабы же уруксатынын негизинде маалым болгон;
- Катышуучу киргизип жаткан маалыматтардын купуялуулугу камсызкылынбаган Программаны колдонууда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган негиздер боюнча ачыкка чыгарылышы талап кылынган учурларда;
- Келишимде жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган башка учурларда.

**11. Алдамчылык**

11.1. Бул Офертанын шарттарына таасир тийгизген алдамчылык фактылары пайда болгон учурда, алдамчылыктын натыйжасында пайда болгон бардык талаштуу жагдайлар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында чечилет.

**12. Форс-мажор**

12.1. Эгер милдеттерин аткарбоо Келишимди түзгөндөн кийин Тараптардын бири дагы алдын ала билбеген, акылга сыярлык чаралар менен алдын ала жоюу мүмкүн болбогон өзгөчө кырдаал мүнөзүндөгү окуялардын натыйжасында жеңилгис күчтүн кесепети (форс-мажор) болуп саналса, ар бир Тарап Келишим боюнча милдеттерин таптакыр аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн жоопкерчиликтен бошотулат.

12.2. Жеңилгис күчтүн таасирине кабылган Тарап көрсөтүлгөн окуялар болгон күндөн кийинки күндөн кеч эмес мезгилдин ичинде бул жөнүндө экинчи Тарапка маалымдоого милдеттүү. Оператор жеңилгис күч жагдайларынын келип чыкканы тууралуу Оператордун сайтына тийиштүү маалыматты жайгаштыруу менен кабарлайт. Мында Келишимдин иштөө мөөнөтү мындай окуялардын жарамдуу мөөнөтүнө, бирок жеңилгис күчтүн жагдайы жаралган күндөн тартып 2 (эки) айдан көп эмес мөөнөткө убактылуу токтотулат, андан кийин бул Келишим бузулду деп эсептелет, ал эми Келишим боюнча милдеттер мындай күчтүн таасири токтогондон кийин аткарылууга тийиш.

**Колдонуучу бул Келишимдин бардык пункттары менен таанышып чыкканын жана аларды толук көлөмдө толук кабыл алып жатканын ырастайт.**